УДК: 519.17.

# МАТЕМАТИКА МУГАЛИМИНИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДИКАЛЫК КАРАЖАТТАРЫ

***Турдубаева К.Т.***
***ОГПИ, Ош шаары***

***Аннотация***

*Бул статьяда болочок математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикалык каражаттары анын кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу этаптары менен шайкештикте аныкталаары каралды.*

***Abstract***

*This article discusses the methodological tools forming professional competence of future teachers of mathematics and its compliance with the definition of the stages formation of professional competence.*

Коомдун учурдагы талабын канааттандыруу үчүн мугалимдер жогорку маданияттуулукка, терең нравалуулукка, нарк-насилдердин жана ишенимдердин калыптанган системасына, жарандык позицияга, өз окуучуларынын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүгө, педагогдук дилгирликке, инновациялык ишмердүүлүккө, өздүк өркүндөтүлүшкө жөндөмдүү кесиптик активдүүлүккө ж.б. ээ болууга тийиш. Ушундай мугалимди, гармониялуу өнүккөн инсанды, кесиптик компетенттүү адисти калыптандыруу маселеси жогорку окуу жайдын негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет[2].

Кесиптик даярдоонун мазмунун реформалоо проблемасы менен бир катарда болочок мугалимдердин кесиптик жана инсандык калыптанышына өбөлгө болуучу педагогикалык каражаттарды аныктоо проблемасынын маанилүүлүгү күндөн күнгө артып барууда. Эркин жана активдүү ойлоого тарбиялоо - билим берүү процессин моделдештирүүгө, окутуунун, тарбиялоонун жаңы идеяларын жана технологияларын ишке ашырууга, өз алдынча генерациялоого жөндөмдүү болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүк деңгээлин жогорулатуу проблемасы азыркы социалдык-экономикалык шарттарда өтө актуалдуу. Анткени кесиптик компетенттүү, иш билги мугалим окуу-тарбия процессинде чыгармачыл окуучуларды калыптандырууга позитивдүү таасир көрсөтөт, өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө мыкты натыйжаларга жетише алат, өздүк кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга жөндөмдүү болот.

Ошентип, компетенцияны личносттун өз ара байланышкан анык бир предметтин жана процесстердин аймагына мамилеси боюнча берилүүчү жана аларга мамилеси боюнча сапаттуу натыйжалуу аракеттенүү үчүн зарыл болгон сапаттарынын (билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн, ишмердүүлүктүн жолдорунун) жыйындысы катары түшүнүүгө болот.

Компетенция адамдын өзгөрүлүп туруучу шарттарда билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кесиптик ишмердүүлүк үчүн ийгиликтүү колдонууга даяр болуусунан жана бүтүндөй өзүнүн жашоосунда үзгүлтүксүз окуп үйрөнүүгө, өз алдынча билим алууга жөндөмүнөн көрүнөт[5].

Азыркы коом адамдан жогорку маданияттулуктун деңгээлин, илим жана техниканын түрдүү аймактарында терең адистештирүүнү, атайын билимдерди өрчүтүүнү гана эмес, коомдо биргелешип жашоо билгичтигин да талап кылат. Личносттун өнүгүүсүнүн негизги параметрлери катары анын жалпы адамдык нарк-насилдерге,

гуманизмге, интеллигенттик (маалыматтуулук, маданияттуулук), креативдүүлүк, активдүүлүк, абийирдүүлүк, ой пикирлерге көз карандысыздыгына багытталуусун эсептөө мүмкүн. Бул сапаттардын өнүгүүсүнүн деңгээлин социалдык компетенттүүлүктүн жана личносттун социалдык позициясынын калыптангандык көрсөткүчү катары кароого болот.

Окутууга ишмердик мамиленин концепциясына ылайык болочок математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинин мазмуну:

1) ишмердик формада, б.а. окутуунун долбоорлонгон максаттарына адекваттуу, окуу-методикалык маселелер көрүнүшүндө берилген;

2) окуу-методикалык маселелердин негизги типтерин чыгаруу үчүн окуу-методикалык ишмердиктин ыкмалары болушу керек.

Окутууга ишмердик мамиленин технологиясына ылайык, болочок математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу этаптары жана анын калыптангандыгынын деңгээлдери түрдүү деңгээлдеги окуу-методикалык тапшырмаларды чыгаруу үчүн колдонулуучу, окуу-методикалык ишмердиктин ыкмаларын калыптандыруу этаптары менен туура келүүсү керек.

Математика окутууга ишмердик мамиленин технологиясына жана математиканы окутуунун методикасынын негизги теориялык жоболоруна ылайык окуу-методикалык ишмердиктин ыкмаларын колдонуу менен “Математиканы окутуунун методикасы” курсунда болочок математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикалык инструментарийин: а)окуу-методикалык маселелерди чыгаруу; б) окутуунун методдорунун жардамы менен окуу процессинин этаптарынан көз карандылыкта аларды чыгаруу үчүн окуу-методикалык жагдайларды түзүү; в)атайын иштелип чыккан колдонмону окутуунун каражаты катарында колдонуу түзөт. Анын мазмуну окуу-методикалык маселелердин жардамы менен студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган.

Кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу этаптары:

Студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн *калыптангандыгынын деңгээлин* таяныч билимдерин жана билгичтиктерин актуалдаштыруу, мурдагы өтүлгөн материал менен байланышын камсыздоо, кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптангандыгын текшерүү аркылуу аныктоо.

Кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун долбоорлоо этабында студенттердин окуу-методикалык ишмердикте ориентациясы, кесиптик компетенттүүлүккө ээ болууга мотивациясы проблемалык баяндоо (аңгеме, лекция), иллюстрадивдик метод (демонстрация, слайддар), ОММ чыгарууда окуу-методикалык жагдайларды түзүү, сабак учурунда ишкер ролдук оюндарды колдонуу (аткаруу) менен *максаттарын* белгилөө.

ОММди чыгаруунун теориялык негизин түзгөн, жаңы окуу материалын киргизүү, окуу-методикалык ишмердиктин жеке ыкмаларын колдонуп, үлгү боюнча *биринчи деңгээлдеги тапшырмаларды аткарууну уюштуруу.*

ОММ, окуу-методикалык колдонмо, мектеп окуулуктары, окуу колдонмолору, программалар ж.б., окуу-методикалык ишмердиктин ыкмалары, окуу плакаттары, мультимедиалык проектор, компьютер, интернет байланышы, экинчи деңгээлдеги тапшырманы аткарууга жана стандарттык окуу-методикалык жагдайларда, *окуу-методикалык ишмердиктин атайын (жалпыланган) ыкмаларын* колдонуу.

Изилдөө методдору (үчүнчү деңгээлдеги тапшырмаларды аткаруу, дискуссиялар, проблемалык-изилдөө иштери, чыгармачылык өз алдынча иштери), текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү методдору (тестирлөө, текшерүү иштер, өздүк текшерүү, зачет) окуу-

методикалык жагдайларда *окуу-методикалык ишмердиктин ыкмаларын жагдайга ылайыкташтырып колдонууга* өбөлгө болот.

Окуу-методикалык ишмердиктин жекече ыкмаларына таянуу менен окуу-методикалык тапшырмаларды аткаруу боюнча студенттердин ишмердиги кандай уюшула тургандыгын төмөнкү тапшырмадагы мисал катарында 1-таблицада көрсөтөйлү.

Тапшырма: Окуу-методикалык ишмердиктин төмөндө келтирилген ыкмаларын пайдаланып, ондук бөлчөктү ондук бөлчөккө көбөйтүү, бөлүү, натуралдык санга бөлүү эрежесин бышыктоо боюнча математика (5-кл) сабагынын фрагментин түзгүлө.

Ондук бөлчөктү ондук бөлчөккө көбөйтүү, бөлүү, натуралдык санга бөлүү эрежесин бышыктоону уюштуруунун ыкмалары:

1. [3] окуу китебинен № 147-№160 маселелердин мазмунун анализдегиле, алардын ичинен эрежени эстеп калуу үчүн окуучуларга сунушталуучу маселелерин тандагыла. Аларды чыгаргыла.
2. Эрежени формулировкалоонун алдында окуу китебинде келтирилген, маселеге окшош практикалык мүнөздөгү маселе түзгүлө [4, 25б]. Аны чыгаргыла
3. Бышыктоо процессинде доскада жана окуучулардын дептерлеринде эрежени жазуунун мазмунун жана ордун, иштин формасын ойлонгула.

1-таблица

Студенттин ишмердүүлүгүн окуу-методикалык ишмердүүлүктүн ыкмаларына таянуу менен уюштуруу

| Ыкманын курамы | Студенттин ишмердүүлүгү |
|---|---|
| [3] окуу китебинен № 147-№160 маселелердин мазмунун анализдегиле, алардын ичинен эрежени эстеп калуу үчүн окуучуларга сунушталуучуларын тандагыла. Аларды чыгаргыла. | Эрежени эстеп калууга тандалуучу маселелер милдеттүү түрдө окуучу чыгара турган маселелерден болууга тийиш. Мындай маселелерде ондук бөлчөктү ондук бөлчөккө көбөйтүү, бөлүү, натуралдык санга бөлүү эрежеси жолугат.<br>Мисалы,<br>№152, 160<br>№152 маселени чыгаруу:<br>1) $13{,}5 \cdot 3{,}6 = 48{,}6\ (км)$ велосипедчендин басып өткөн жолу;<br>13,5<br>*3,6<br>+ 8 1 0<br>4 0 5<br>4 8,6 0<br>2) $13{,}5 - 2{,}7 = 10{,}8(\frac{км}{саат})$ велосипедчендин кайра кайткандагы ылдамдыгы;<br>13,5<br>- 2,7<br>10,8<br>3) $48{,}6 \div 10{,}8 = 4{,}5(саат)$ велосипедчен кайра каитканда жолго кетирген убакыты.<br>48, 6 \| 10,8<br>432 \| 4,5<br>540<br>540<br>0<br>жообу: 4,5 саат. |
| 2. Эрежени формулировкалоонун алдында окуу китебинде | Маселе: Асан 2,8 м узундуктагы жипти 7 барабар бөлүккө бөлүү керек. Ар бир бөлүктүн узундугу канча болот?<br>Чыгаруу: |

| | |
|---|---|
| келтирилген, маселеге окшош практикалык мүнөздөгү маселе түзгүлө[ 4, 25б]. Аны чыгаргыла. | 2,8:7=0,4(м) ар бир бөлүктүн узундугу<br>2,8 \| 7<br><u>2 8</u> \| 0,4<br>0<br>жообу: 0,4 м |
| 3. Эрежени доскада жана окуучулардын дептерлеринде бышыктоо процессинде жазуулардын мазмунун жана ордун, иштин формасын ойлонгула. | №152 маселени үч окуучуну кезек менен доскага чакырып, чыгарылыштын ар бир аракетин жаздыруу менен чыгартуу мүмкүн.<br>Практикалык мүнөздөгү (п.2) маселенин чыгарылышын окуучу досканын артына чыгарат, класс аны өз алдынча чыгарышат; андан кийин текшерүү жана катаны оңдоп-түзөтүү жүрөт.<br>№160 маселени окуучулар өз алдынча чыгарышат. Алар ордунда ар бир аракетине ооз эки комментарий беришет. Бул мезгилде мугалим ар бир окуучунун иш аракетине байкоо жүргүзөт, жетишпегендер менен жекече иш алып барат. |

Ошентип, математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда окутуунун активдүү методдору (проблемалык окутуу, иштиктүү оюн, окуу-методикалык жагдайларга анализ, окуу-методикалык маселелерди чыгаруу, чыгармачыл өз алдынча иши, дискуссия, кесиптик ишмердүүлүктү моделдештирүү, ж.б.); окутуунун каражаттары (компетенциянын тилинде окутуунун дифференцирленген максаттарын камтыган окуу-методикалык тапшырмалар, долбоорлонгон максаттарга жана аларды чыгаруунун жолдоруна адекваттуу болгон окуу-методикалык маселелер) алардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн, билим, билгичтик, инсандык кесиптик сапаттарын калыптандыруу менен кесиптик компетенттүүлүк деңгээли өсө тургандыгы билинди.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Жаңыча окутуу жана көрөгөч мугалим - модернизациянын өзөгү // Кут билим. -2011. 13-май.
2. Билим берүүнү модернизациялоонун стратегиялык концепциялары. //Известия Кыргызской Академии образования. Бишкек: -2004. №1 С. 21-32
3. Математика: Орто мектептин 5-классы үчүн окуу китеби [Текст] / И. Бекбоев., А. Абдиев., А. Айылчиев., И. Ибраева., А. Касымов. – Б.: Бийиктик, 2005. – 256 б.
4. Математика: Орто мектептин 6-классы үчүн окуу китеби [Текст] / И. Бекбоев., А. Абдиев., А. Айылчиев., А. Андашев. – Толукталып, 2-бас. - Б.: Билим, 2006. – 224 б.
5. Хуторской, А.В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты [Электронный ресурс] / А. В. Хуторской // Интернет-журнал «Эйдос». - 2002. -23 апреля. - [Режим доступа: http://www.eidos.ru/journal/2002/0423.htm].